# 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга адитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2025-жылдагы 26-июнундагы №06-1/356 жана 2025-жылдагы 10-июлундагы №06-1/402 буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын (мындан ары - КР Акыйкатчы аппараты) бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит объектиси**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп саналат.

**Жооптуу тараптын милдети**

Жогоруда аталган тараптын жалпы милдетине бюджеттик каражаттарды тескөө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле ушул аудиттин предмети боюнча жоопкерчилик кирет.

**Аудиттин милдети**

Аудиттин милдети Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратында бюджеттин аткарылышынын шайкештик аудитине карата корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө корутундуларды тастыктоочу жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн тиешелүү жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору ушул жагдайларга туура болуп саналат. Жыйналган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негиздерди камсыз кылууда жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат деп ойлойбуз.

**Аудит мезгили ичинде каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

Биринчи кол коюу укугу менен:

- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) А.Б. Абдрахманова, 01.01.2022-жылдан тартып 03.05.2023-жылга чейинки мезгилде;
- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) Дж.А. Джаманбаева, 17.05.2023-жылдан тартып азыркы убакка чейинки мезгилде;
- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын жетекчиси А.Н. Азарбеков, 01.01.2023-жылдан тартып 28.03.2024-жылга чейинки мезгилде;

- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын жеткечиси Н. Ж. Токтосунова, 01.04.2024-жылдан тартып азыркы убакка чейинки мезгилде.

Экинчи кол коюу укугу менен:

- финансы, бухгалтердик эсеп жана административдик-чарбалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы С.И. Мурсалиева, 01.01.2023-жылдан тартып 11.07.2024-жылга чейинки мезгилде;

- финансы, бухгалтердик эсеп жана административдик-чарбалык камсыздоо бөлүмүнүн эксперти Ж.Б. Джумашалиева, 11.07.2024-жылдан тартып 24.11.2024-жылга чейинки мезгилде;

- финансы, бухгалтердик эсеп жана административдик-чарбалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы А.Д. Турдуманбетова, 25.11.2024-жылдан тартып азыркы убакка чейинки мезгилде.

**Ишти аткарууда колдонулган аудитордук стандарттар**

Иш-чара шайкештик аудити үчүн колдонмо көрсөтмөсүнө, негизинен ISSAI 400 жана ISSAI 1400, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген шайкеш келүү аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдерди сактоону, ошондой эле аудит предмети, анын баардык олуттуу аспектилеринде тиешелүү мыйзамдарына жана жөнгө салуучу ченемдерине ылайык келээрине негизделген ишенимдүүлүк алуу үчүн аудитти пландоону жана аны жүргүзүүнү талап кылат.

Келишимдердин бурмалануусунун салыштырмалуу тобокелдигин баалоо максатында жана келишимдердин санын баалоо үчүн көлөм боюнча олуттуулуктун босоголук маанилерине эсептөөлөр жүргүзүлдү. Келишимдердин олуттуулугун эсептөө үчүн деңгээли кассалык чыгымдардан 1,0% болгон көрсөткүч тандалып алынды.

Алсак, №2 формадагы “Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметаларын аткаруу тууралуу отчетко” ылайык, 2023-жылы бюджеттик каражаттарды чыгымдоонун жалпы 83502,0 миң сом суммасынан олуттуулук 835,0 миң сомду түзгөн; 2024-жылы – 135625,7 миң сомду, олуттуулугу 1356,0 миң сомду түзгөн.

Аудитке бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын төмөнкү беренелери туура келет – “Эмгек акы”, “Социалдык фондго чегерүүлөр”, “Иш сапар чыгымдары”, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу”, “Машиналар жана жабдуулар”, “Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр”, “Күзөт кызматын сатып алуу”.

**Аудиттин критерийлери**

Аудит объектисинин ишинин, бюджеттин аткарылышынын мыйзамдарга шайкештигин биз төмөнкү критерийлерге ылайык баалайбыз:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 01.08.2022-жылдагы УП № 255 КПҮ “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана мамлекеттик жарандык кызматчылардын кызмат орундарын ээлеген адамдардын эмгек акысын төлөөнүн шарттары жөнүндө” Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 21.12.2022-жылдагы УП № 403 КПҮ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын эмгек акысын төлөөнүн шарттарын жөнгө салуу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин айрым жарлыктарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 28.03.2022-жылдагы № 95 “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөдөгү кызматчыларынын эмгек аксын төлөөнүн шарттарын өркүндөтүү жөнүндө” Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 21.01.2023-жылдагы №24 “Илимий даражасы үчүн үстөктөрдү белгилөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.07.2006-жылдагы № 492 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 28-мартындагы № 207 “Жумуштун жашыруун мүнөзү жана жашыруун иш-кагаздарын жүргүзүү үчүн кызмат маяналарына пайыздык үстөктөрдү төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Нускаманы бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 02.05.2023-жылдагы № 238 “Жумушу мамлекеттик сырларга байланышкан жарандардын кызмат маяналарына пайыздык үстөктү төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө Нускаманы бекитүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 31.01.2017-жылдагы № 17 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын Реестрин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 02.12.2024-жылдагы № 336 Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.01.2008-жылдагы № 22 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөө менен алектенген кызматчылардын эмгек акысын төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.03.2017-жылдагы №131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускама.

Ушул аудит 26.06.2025-жылы башталып, 18.07.2025-жылы аяктаган (30.06.2025-жылдан 4.07.2025-жылга чейин токтотулуп, 14.07. 2025-жылдан тартып кайрадан улантылган).

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудитинин жыйынтыктары боюнча сунуштамалардын аткарылышы**

01.01.2021-жылдан 31.12.2022-жылга чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик инспектору А. Т. Тилекбеков тарабынан жүргүзүлгөн. Аудиттин жыйынтыктары боюнча сунуштамалар толугу менен аткарылган.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

“Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Акыйкатчы Институтунун негизги милдеттери адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого, адамдын жана жарандын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин калыбына келтирүүгө көмөктөшүү; адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө КР мыйзамдарын Конституцияга, ушул жааттагы эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүгө көмөктөшүү; адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери маселелери, аларды коргоонун формалары жана усулдары боюнча калкты укуктук жактан агартуу жана кабарландыруу; адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатында эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү болуп саналат.

Акыйкатчынын негизги аспаптары кабыл алуу жана адам укуктарын бузуу жүйөлөрү боюнча жарандардын кайрылууларын кароо, адам укуктарынын бузулуусунун алдын алуу үчүн мониторингдерди жана мамлекеттик мекмелерди инспектрлөөнү жүргүзүү, мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча эл аралык кызматташтык иштери болуп саналат.

**Келип түшкөн кайрылууларды кыскача талдоо**

Акыйкатчы Институтуна 2023-жылы 11276 жаран кайрылган, алардын ичинен: 3773 (33,5 %) жаран оозеки консультация алышкан, 2620 (23,2 %) жарандан жазуу жүзүндө кайрылуу келип түшкөн, алардын 685и жамааттык кайрылуу болгон. “Ыкчам байланыш – 115” телефонуна 4614 (40,9 %) жаран кайрылган, ал эми Акыйкатчы демилгелеген иштер боюнча 269 (2,4 %) жарандын кайрылуулары каралган.

2023-жылы бардыгы 40 Көңүл буруу акты жөнөтүлгөн. Акыйкатчынын Көңүл буруу актыларын кароонун жыйынтыктары боюнча 2023-жылы 19 акт (47,5 %) канааттандырылган, калган 21 Көңүл буруу актылары боюнча жумуштар уланууда, алардын айрымдары боюнча адам укуктарын бузууга күнөөлүү кызматкерлерди жоопко тартуу мөөнөттөрү өтүп кеткенине байланыштуу кароодон баш тартуулар бар.

Институтка 2024-жылы 9283 кайрылуу келип түшкөн, алардын ичинен: 2663 (23,5 %) жазуу жүзүндө (анын ичинде 78 жамааттык), 6620 (53,7 %) оозеки кайрылуу болуп саналат.

2024-жылы 140 Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн, алардын: 125 (89,3%) мамлекеттик органдар тарабынан каралган, бузулган укуктарды калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлгөн; 9 (6,4 %) боюнча чара көрүлгөн эмес; 6 (4,3 %) кароодо турат. Көрүнүп тургандай, Көңүл буруу актыларынын көпчүлүк бөлүгү оң чечилген, бул аларда камтылган талаптардын канаатандырылышына алып келген. Натыйжада, бузулган укуктар калыбына келтирилген же жооптуу адамдар жоопкерчиликке тартылышкан.

**Эл аралык уюмдар менен иштер**

Эл аралык кызматташуунун алкагында Акыйкатчы Институтунун негизги максаты ар түрдүү өлкөлөрдүн омбудсмендеринин ортосунда туруктуу кызматташууну алга жылдыруу, биздин мамлекеттердин жарандары кириптер болгон көйгөйлөрдүн биргелешкен чечимдерин иштеп чыгуу болуп саналган Омбудсмендердин Евразиялык Альянсына, Азия-Тынч океан Форумунун НПЗУ, Омбудсмендердин Азиялык Ассоциациясына, Омбудсмендердин Европа Институтуна кирет.

Ар жылдык төлөмдөр бюджеттик каражаттардан, анын ичинде төмөнкүлөрдөн төлөнөт:

| № | Аталышы | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|
| 1 | Омбудсмендердин Европа Институту | 350 евро | 350 евро |
| 2 | Азия-Тынч океан форуму | 0 | 1500 АКШ долл. |
| 3 | Омбудсмендердин Азиялык Ассоциациясы | 0 | 150 АКШ долл. |

## 2023-2024-жылдар үчүн бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышна аудит

**2023-жыл үчүн** чыгымдар беренелери боюнча – 93386,9 миң сом суммасында каражат бөлүнгөн, кассалык чыгымдар – 83502,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар – 79948,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде төмөндөгү чыгымдар беренелери боюнча:

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 2023-жылга бекитил-ген | 2023-жылга такталган | Четтөө (4-3) | Кассалык чыгым | Факты жүзүндөгү чыгым | Четтөө (7-6) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Эмгек акы | **2111** | 44574,4 | 72904,0 | 28329,6 | 66361,4 | 66372,8 | 11,4 |
| СФга төгүмдөр | **2121** | 7119,7 | 11261,2 | 4141,5 | 9044,8 | 9044,8 | 0 |
| Кызматтык иш сапар чыгымдары | **2211** | 1300,0 | 1300,0 | 0 | 1024,8 | 1025,7 | 0,9 |
| Байланыш кызматы | **2212** | 1200,3 | 708,3 | -492,0 | 707,3 | 707,1 | -0,2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ижара акысы | **2213** | 0 | 59,0 | 59,0 | 23,2 | 23,2 | 0 |
| Транспорттук кызматтар | **2214** | 1300,0 | 911,5 | -388,5 | 693,1 | 627,6 | -65,5 |
| Кызматтарды жана башка товарларды сатып алуу | **2215** | 995,7 | 1114,9 | 119,2 | 751,4 | 736,2 | -15,2 |
| Мүлктү кезектеги оңдоо боюнча чыгымдар | **2221** | 2300,0 | 1492,0 | -808,0 | 1492,0 | 151,1 | -1340,9 |
| Материалдарды жана буюмдарды сатып алуу | **2222** | 600,0 | 600,0 | 0 | 541,7 | 470,3 | -71,4 |
| Коммуналдык кызматтар | **2231** | 766,4 | 767,4 | 1,0 | 706,8 | 596,7 | -110,1 |
| Уюмдарга кезектеги төгүмдөр | **2621** | 200,0 | 140,0 | -60,0 | 32,9 | 32,9 | 0 |
| Сот чечимин аткаруу | **2823** | 0 | 160,1 | 160,1 | 160,0 | 160,0 | 0 |
| Машиналар жана жабдуулар | **3112** | 956,2 | 1968,5 | 1012,3 | 1962,5 | 0 | -1962,5 |
| **Бардыгы** | | **61312,7** | **93386,9** | **32074,2** | **83502,0** | **79948,5** | **-3553,5** |

Чыгымдар сметасы бардыгы болуп бекитилген сметадан 32074,2 миң сомго көбөйүү менен, 93386,9 миң сом суммасында такталган.

Чыгымдар беренелеринин бөлүгүндө:

- төмөндөгү беренелер боюнча көбөйүү төмөндөгүлөрдү түзгөн: – 2111 “Эмгек акы” – 28329,6 миң сом, 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” – 4141,5 миң сом, 2213 “Ижара акысы” – 59,0 миң сом, 2215 “Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” – 119,2 миң сом, 2231 “Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр” – 1,0 миң сом, 2823 “Сот чечимдерин аткаруу” – 160,1 миң сом, 3112 “Машиналар жана жабдуулар” – 1012,3 миң сом, бардыгы 33822,7 миң сом.

- төмөндөгү беренелер боюнча азайу төмөндөгүлөрдү түзгөн: – 2212 “Байланыш кызматы” – 492,0 миң сом, 2214 “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр – 388,5 миң сом, 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого чыгымдар” – 808,0 миң сом, 2621 “Уюмдарга учурдагы төгүмдөр” – 60,0 миң сом, бардыгы 1748,5 миң сом.

2111 “Эмгек акы” жана 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренелери боюнча жалпы суммасы 32471,1 миң сом кошумча каржылоону бөлүү, 2022-жылдын 1-августунан тартып мамлекеттик кызматчылардын эмгек акысынын көлөмү көбөйгөнү менен байланыштуу болгон.

Кассалык чыгымдар менен такталган сметанын ортосундагы 9884,8 миң сом суммасындагы айырма бюджетке кайтарылган.

Кассалык чыгымдардын иш жүзүндө 3553,5 миң сомго көбөйгөнү – негизги каражаттарды сатып алуу, 2023-жылдын акырына чейин имаратты учурдагы оңдоонун бүтпөгөнү жана кампадагы ТМБ запастарынын болгону менен түшүндүрүлөт.

Жалпы кассалык чыгымдардан салыштырма салмагы “Эмгек акы” – 66361,4 миң сом же 79,5 %, “Соцфондго төлөмдөр” – 9044,8 миң сом же 10,8 %, “Кызматтык иш сапарга чыгымдар” – 1024,8 миң сом же 1,3 %, “Мүлктү учурдагы оңдоого чыгымдар” беренелери боюнча – 1492,0 миң сом же 1,8 %, калган чыгымдар – 6,6 %ды түзгөн.

**<u>2024-жыл үчүн</u>** чыгымдар беренелери боюнча 135625,7 миң сом суммасында каражат бөлүнгөн, кассалык чыгымдар – 127252,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар – 99718,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде төмөндөгү чыгымдар беренелери боюнча:

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Берене лердин коду | 2024-жылга бекитил-ген | 2024-жылга такталган | Четтөө (4-3) | Кассалык чыгым | Факты жүзүндөгү чыгым | Четтөө (7-6) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Эмгек акы | **2111** | 83603,9 | 79703,9 | -3900,0 | 77753,0 | 77753,0 | 0 |
| СФга төгүмдөр | **2121** | 11482,2 | 10964,7 | -517,5 | 10613,7 | 10613,7 | 0 |
| Кызматтык иш сапар чыгымдары | **2211** | 1900,0 | 1790,0 | -110,0 | 1649,4 | 1649,5 | 0,1 |
| Байланыш кызматы | **2212** | 1400,0 | 1400,0 | 0 | 766,1 | 714,3 | -51,8 |
| Ижара акысы | **2213** | 70,0 | 180,0 | 110,0 | 180,0 | 180,0 | 0 |
| Транспорттук кызматтар | **2214** | 1950,0 | 1950,0 | 0 | 775,8 | 879,0 | 103,2 |
| Кызматтарды жана башка товарларды сатып алуу | **2215** | 1900,0 | 1900,0 | 0 | 1343,3 | 1030,9 | -312,4 |
| Мүлктү кезектеги оңдоо боюнча чыгымдар | **2221** | 700,0 | 700,0 | 0 | 700,0 | 2196,5 | 1496,5 |
| Материалдарды жана буюмдарды сатып алуу | **2222** | 1200,0 | 1100,0 | -100,0 | 772,9 | 515,5 | -257,4 |
| Күзөт кызматын сатып алуу | **2225** | 0 | 2764,3 | 2764,3 | 2729,6 | 2729,6 | 0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Коммуналдык кызматтар | **2231** | 1226,5 | 1226,5 | 0 | 1214,4 | 1284,6 | 70,2 |
| Уюмдарга кезектеги төгүмдөр | **2621** | 300,0 | 300,0 | 0 | 171,9 | 171,9 | 0 |
| Имараттар жана курулмалар | **3111** | 29746,3 | 29746,3 | 0 | 26982,0 | 0 | -26982,0 |
| Машиналар жана жабдуулар | **3112** | 1800,0 | 1900,0 | 100,0 | 1600,3 | 0 | -1600,3 |
| **Бардыгы** | | **137278,9** | **135625,7** | **-1653,2** | **127252,4** | **99718,5** | **-27533,9** |

**тыс. сом**

Чыгымдар сметасы бекитилген сметадан 1653,2 миң сомго азайу менен, 135625,7 миң сом суммасында такталган.

Чыгымдар бернелеринин бөлүгүндө:

- беренелер боюнча көбөйүү – 2213 “Ижара акысы” – 110,0 миң сом, 2225 “Күзөт кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу” – 2764,3 миң сом жана 3112 “Машиналар жана жабдуулар” – 100,0 сом, бардыгы 2974,3 миң сом;

- беренелер боюнча азаюу – 2111 “Эмгек акы” – 3900,0 миң сомду, 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” – 517,5 миң сом, 2211 “Кызматтык иш сапарларга чыгымдар” – 110,0 миң сом жана 2222 “Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу” – 100,0 миң сом, бардыгы 4627,5 миң сом.

2111 “Эмгек акы” жана 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренелери боюнча азаюу жагына сметалык багыттоолорду тактоо жалпы 4417,5 миң сом суммасына жүргүзүлгөн, бул 2024-жылдын ичинде КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратында бош орундардын көп, ай сайын орточо 7 бирдикке чейин болгон себебинен улам орун алган. 2024-жылдын сентябрында КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратында Мамлекеттик органдарды өнүктүрүү жана кызыктыруу фондунун эсеби ачылган жана бюджет боюнча үнөмдөөнүн суммасы Фонддун эсебине которулган.

Кассалык чыгымдар менен такталган сметанын ортосундагы 8373,3 миң сом суммасындагы айырма бюджетке кайтарылган.

Кассалык чыгымдардын иш жүзүндө 27533,9 миң сомго көбөйгөнү – негизги каражаттарды сатып алуу, 2024-жылдын аягына чейин имаратты капиталдык оңдоо аяктабагандыгы жана кампада ТМБ запастарынын болгону менен түшүндүрүлөт.

Жалпы кассалык чыгымдардан салыштырма салмагы бир кыйла арбын болгон “Эмгек акы” – 77753,0 миң сом же 61,1 %, “Соцфондго төгүмдөр” – 10613,7 миң сом же 8,3 %, “Имараттар жана курулмалар” – 26982,0 миң сом же 21,2 %, “Күзөт кызматын сатып алуу” – 2,1 %, калган чыгымдар – 7,3 % түзөт.

КР Финансы министрлиги тарабынан КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратын өнүктүрүү жана кызыктыруу фонду үчүн 2024-жылга

чыгымдардын төмөндөгү беренелерине 13275,0 миң сом суммасында чыгымдардын кошумча сметасы бекитилген:

Кассалык чыгымдар менен такталган сметанын ортосундагы 8,0 миң

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Берене лердин коду | 2024-жылга бекитил-ген | 2024-жылга такталган | Четтөө (4-3) | Кассалык чыгым | Факты жүзүндөгү чыгым | Четтөө (7-6) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Эмгек акы | **2111** | 0 | 11407,2 | 11407,2 | 11399,2 | 11399,2 | 0 |
| Социалдык фондго төгүмдөр | **2121** | 0 | 1867,8 | 1867,8 | 1867,8 | 1867,8 | 0 |
| **Бардыгы** | | **0** | **13275,0** | **13275,0** | **13267,0** | **13267,0** | **0** |

сом суммасындагы айырма бюджетке кайтарылган. Кассалык чыгымдар иш жүзүндөгү чыгымдардан ашырылган эмес.

## 2023-2024-жылдар үчүн атайын эсептин каражаттары боюнча киреше жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына аудит

Кыргыз Республикасындагы ПРООН жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) ортосунда 2022-жылдын 1-сентябрында ПРООНдун “Жапон компаниялары иштеп жаткан максаттык өлкөлөрдө, жеткирип берүүлөрдүн глобалдык түрмөкчөлөрүндө адам укуктары жөнүндө талаптагыдай сактыкка жана Б+ПЧ адилеттүү калыбына келтирүү үчүн БУУ Жетектөөчү принциптерин пайдаланууга өзгөчө басым жасоо менен бизнести жоопкерчиликтүү жүргүзүүнү жылдыруу” долбоорунун алкагында Макулдашууга кол коюлган. Макулдашуу 2022-жылдын сентябрынан тартып 2023-жылдын мартын кошуп алган мезгилге чейин түзүлгөн.

2023-жылы атайын эсепке 1732,5 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттары келип түшкөн, кассалык чыгымдар 1226,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 1057,7 миң сомду түзгөн, анын ичинде төмөндөгү чыгымдар беренелери боюнча:

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Берене лердин коду | 2023-жылга бекитил-ген | 2023-жылга такталган | Четтөө (4-3) | Кассалык чыгым | Факты жүзүндөгү чыгым | Четтөө (7-6) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Кызматтык иш сапар чыгымдары | **2211** | 0 | 387,8 | 387,8 | 144,8 | 144,8 | 0 |
| Байланыш кызматы | **2212** | 0 | 20,6 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Транспорттук чыгымдар | **2214** | 0 | 90,8 | 90,8 | 50,0 | 50,0 | 0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жана башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу | **2215** | 0 | 795,6 | 795,6 | 645,4 | 618,4 | 27,0 |
| Мүлктү кезектеги оңдоо боюнча чыгымдар | **2221** | 0 | 181,5 | 181,5 | 181,5 | 181,5 | 0 |
| Буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | **2222** | 0 | 50,0 | 50,0 | 24,7 | 62,9 | 38,2 |
| Машиналар жана жабдуулар | **3112** | 0 | 206,2 | 206,2 | 180,0 | 0 | -180,0 |
| **Бардыгы:** | | **0** | **1732,5** | **1732,5** | **1226,4** | **1057,6** | **-114,8** |

01.09.2022-жылдагы Стандарттык макулдашуунун шарттарына ылайык, № 00130611 долбооруна ылайык пайдаланылбаган 506,1 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттар 03.11.2023-жылы ПРООНго кайтарылган.

01.01.2024-жылдагы абал боюнча КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын эсебинде калган каражат 1 сомду түзгөн.

Макулдашууда бекитилген пландалган иш чаралар долбоорунун максаттарына жетүү үчүн, КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын жумушчу тобу жана эксперттер тарабынан кызмат көрсөтүүлөр аткарылган, алар төмөнкү иш чараларды өткөргөн:

1. Республиканын жеке менчик гемодиализдик борборлорунда гемодиализ алуучу пациенттердин саламаттыктарын коргоо укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүү;
2. Бишкек шаарынын ЖЭБ, Бишкек сууканал кызматынын суу бөлүштүрүү кызматына, Токмок шаарынын “Тазалык” МИге экскурсиялык баруулар.

Бул иш чараларды ишке ашыруу үчүн ишканалар үчүн усулдук колдонмо иштелип чыккан. Бул усулдук колдонмонун максаты, компанияларга алардын ишкердик иштеринин жүрүшүндө адам укуктарын сактоо маселелери боюнча конкреттүү маалыматтарды жана сунуштамаларды берүү болуп саналат.

2024-жылы атайын эсепке келип түшүүлөр болгон эмес.

**Программалык бюджет**

2023-жыл үчүн КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) программалык бюджетинин түзүмү:

00101 жана 00102 чаралары боюнча натыйжалуулук индикаторлору 100 %га, 21201 чара боюнча 94,4 %га аткарылган. Пландалган натыйжаларга жетишпей калуунун негизги себептери төмөнкүлөр: 2023-жылы адам укуктарын бузуунун 482 учуру аныкталган, 264 кайрылуу боюнча бузулган укуктар калыбына келтирилген, 218 кайрылуу кароо баскычында турат, б. а.

бузулган укуктардын 54,8 % учуру калыбына келтирилген, ал эми 42,5 % боюнча жарандардын бул кайрылуулары даттануу мөөнөттөрү бүткөнүнө байланыштуу колдорунда Жогорку соттун чечимдери бар, мыйзамдарга ж. б. өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынат.

2024-жыл үчүн индикаторлордун пландалган натыйжаларына жетүү деңгээли:

| № | Натыйжалуулуктун индикаторлору | Өлчөө бирдиги | План | Факт | % | 2024-жылга каржылоо, миң сом |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **00101** | **Борбордук деңгээлде башкаруу жана администрирлөө** | | | | | |
| | Адамдын бузулган укуктарын калыбына келтирүү (укук бузуу боюнча арыздануучулардын жалпы санына карата) | % | 94,0 | 89,7 | 95,4 | 137977,2 |
| **00102** | **Аймактык деңгээлде башкаруу жана администрирлөө** | | | | | |
| | Адамдын бузулган укуктарын калыбына келтирүү (укук бузуу боюнча арыздануучулардын жалпы санына карата) | % | 91,0 | 64,2 | 70,5 | 770,0 |
| **21201** | **Адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо** | | | | | |
| | Адамдын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын оң чечимдери | % | 91,0 | 89,3 | 98,0 | 1772,2 |
| | **Бардыгы** | | | | | **140519,4** |

00101 жана 21201 чаралары боюнча натыйжалуулук индикатору жалпысынын аткарылган, аткаруу пайызы тиешелүүлүгүнө жараша 95,4 % жана 98,0 %.

00102 “Аймактык деңгээлде башкаруу жана администрлөө” чарасы боюнча натыйжалуулук индикатору төмөнкү себептер боюнча 70,5 %га аткарылган: көпчүлүк учурларда адам укуктарын бузуулар тастыкталып, бирок сотко кайрылуу жана даттануу мөөнөттөрү аяктап калгандыктан, ошондой эле бузуучулардын эмгек мамилелери токтотулганына байланыштуу укуктарды калыбына келтирүү мүмкүн болгон эмес. Мында, арызданууучуларга юридикалык консультациялар жана сунуштар берилген.

**Корутунду:**

Программалык бюджетке ылайык 2024-жыл үчүн 00102 “Аймактык деңгээлде башкаруу жана администирлөө” чарасы боюнча натыйжалуулук индикатору сотко кайрылуу, же даттануу мөөнөттөрү аяктап калгандыктан, ошондой эле адам укуктарын бузган кызмат адамдарынын эмгек мамилелери токтотулганына байланыштуу 70,5 %га аткарылган.

Жарандардын кайрылуулары менен иштөөгө заманбап санарип аспаптарды киргизүү, алар жарандардын кайрылууларын тутумдаштырууга, жарандарга өз кайрылууларын айкын убакыт режиминде көзөмөлдөп турууга мүмкүнчүлүк берет.

**Сунуштама:**

Жарандардын кайрылуулары менен иштөөдө Акыйкатчынын облустардагы өкүлчүлүктөрүнүн аткаруучулук тартибине жана мамлекеттик органдардын, алардын адам укуктарын бузган кызмат адамдарынын Акыйкатчынын чара көрүү актыларын аткарууларына көзөмөл күчөтүлсүн.

## 2024-жыл үчүн эмгек акыга – Мамлекеттик органдарды өнүктүрүү жана дем берүү фондунун каражаттарына аудит

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 28.06.2024-жылдагы №339 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын өнүктүрүү жана кызыктыруу Фонду жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” токтомун аткаруу жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) ишинин натыйжалуулугун арттыруу максатында, КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) 20.08.2024 №167 буйругу менен “КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Аппаратынын кызматчыларын өнүктүрүү, колдоо жана материалдык жактан дем берүү фонду жөнүндө” Жобо бекитилген.

КР финансы министрлиги тарабынан КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Аппаратынын кызматчыларын өнүктүрүү, колдоо жана материалдык жактан дем берүү фондуна 13 275,0 миң сом суммасында, анын ичинде 2111 “Эмгек акы” беренесине – 11 407,2 миң сом жана 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренесине – 1 867,8 миң сом суммасында кошумча чыгымдардын сметасы бекитилген.

2111 “Эмгек акы” жана 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренелери боюнча 2024-жылга чыгымдар сметаларын талдоо:

| Берене коду | 2024-ж. бекитил. | 2024-ж. тактал. | Четтөө (3-2) | Кассалык чыгым | Четтөө (3-5) | Иш жүзүндө чыгым | Четтөө (7-5) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| **2111** | 0 | 11407,2 | 11407,2 | 11399,2 | 8,0 | 11399,2 | 0 |
| **2121** | 0 | 1867,8 | 1867,8 | 1867,8 | 0 | 1867,8 | 0 |
| **Барды-гы** | **0** | **13275,0** | **13275,0** | **13267,0** | **8,0** | **13267,0** | **0** |

2024-жылга эмгек акынын жылдык фонду төмөнкү төлөмдөрдөн турат:

| № | Чегерүү элементтери | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Мамлекеттик кызматчыларга, ТТП жана КТПларга сый | 10928,1 |

| | | |
|---|---|---|
| | акылар | |
| 2 | Жол кире үчүн компенсация (ТТП жана КТП) | 134,6 |
| 3 | Тамак-аш үчүн компенсация (ТТП жана КТП) | 336,5 |
| | **Бардыгы** | **11399,2** |

Кызматчылардан кармап калуулар 2025,7 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, анын ичинде: пайда салыгы – 988,9 миң сом, Соцфондго – 1036,8 миң сом.

Салык төлөмдөр 2025-жылдын 1-январына карата карыз жок.

Фонддон кызматкерлерге төлөмдөр кызматтардын жетекчилеринин кызматтык каттарынын жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) кызматчыларын өнүктүрүү, колдоо жана материалдык кызыктыруу фонду жөнүндө Жобого ылайык, КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) буйругунун негизинде жүргүзүлөт. Буйруктардын негизинде ар бир кызматкердин ишинин жыйынтыктары боюнча дем берүүчү сыйлыктар берилет. 2024-жылдын 2-жарым жылдыгы үчүн мамлекеттик кызматчыларга, ТТП жана КТП сыйлыктарды төлөө 10 928,1 миң сомду түзгөн.

Акыйкатчы Аппаратында эмгек акыны кызыктыруу фондунун каражаттарын пайдаланууга жүргүзүлгөн аудитте, КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) 20.08.2024 №167 буйругу менен бекитилген, Аппараттын кызматкерлерин өнүктүрүү, колдоо жана материалдык кызыктыруу фонду жөнүндө Жободо кызматкерлердин эмгегинин натыйжалуулугун жана майнаптуулугун баалоонун критерийлери иштелип чыкпастан жана бекитилбестен, сый акыларды төлөө учурлары аныкталган, бул 10 921,8 миң сом суммасындагы каражаттардын пайдаланылышына алып келген. Кызыктыруу фондун бөлүштүрүүнүн негизделген критерийлеринин жоктугун, бюджеттик каражаттарды пайдалануунун акыйкаттуулук, ачык-айкындык принциптеринин бузуулар жөнүндө күбөлөндүрөт.

**Корутунду:**

КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) 20.08.2024 №167 буйругу менен бекитилген, Аппараттын кызматкерлерин өнүктүрүү, колдоо жана материалдык кызыктыруу фонду жөнүндө Жободо кызматкерлердин эмгегинин натыйжалуулугунун жана майнаптуулугун баалоо критерийлери иштелип чыккан эмес.

**Сунуштама:**

Кызыктыруучу төлөмдөрдү бөлүштүрүүнүн негиздүүлүгү боюнча эмгектин натыйжалуулугун баалоонун критерийлери иштелип чыксын жана Аппараттын кызматкерлерин өнүктүрүү, колдоо жана материалдык кызыктыруу фонду жөнүндө Жобого сыйлоо тутумун жөнгө салуучу тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Электр энергиясы боюнча белгиленген лимиттердин сакталышы**

**Аныкталды:**

2023-жыл үчүн электр энергиясына белгиленген лимиттердин сакталышына жүргүзүлгөн аудитте, электр энергиясын иш жүзүндө керектөө, жылына белгиленген 54,8 миң кВт ордуна 60,56 кВт. болуп, лимиттен ашыруу 5,76 миң кВт.ты түзгөн.

Лимиттен ашыруу КР Энергетика министрлигинин жана КР Финансы министрлигинин “2023-2024-жылдарга бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергияларын жана жаратылыш газын керектөө лимиттерин бекитүү жөнүндө” биргелешкен буйругунда КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Жалал-Абад облусу боюнча өкүлчүлүгүнө электр энергиясын керектөө лимити белгиленген эмес.

**Корутунду:**

Электр энергиясын керектөө лимитинен 5,76 миң кВттан ашыруу, КР Энергетика министрлигинин жана КР Финансы министрлигинин “2023-2024-жылдарга бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергияларын жана жаратылыш газын керектөө лимиттерин бекитүү жөнүндө” биргелешкен буйругуна КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Жалал-Абад облусу боюнча өкүлчүлүгүнө электр энергиясын керектөө лимити белгиленген лимиттен жоктугу менен шартталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары лимиттерди ашырылышына жол бербөө максатында, КР Энергетика министрлигинин жана КР Финансы министрлигинин “2023-2024-жылдарга бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергияларын жана жаратылыш газын керектөө лимиттерин бекитүү жөнүндө” биргелешкен буйругуна Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Жалал-Абад облусу боюнча өкүлчүлүгү үчүн электр энергиясын керектөөнүн белгиленген лимитин каралган өзгөртүүлөр жана толуктоолор демилгеленсин.

**Транспорттук чыгымдарга аудит**

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык автоунааларын пайдаланууну тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 4-тиркемесине ылайык, КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) орун басары А. Колопов 12.04.2023-жылы №41 буйрук чыгарган, анда кызматтык автоунаа үчүн айына 500 литр КММ чыгым, ошондой эле Акыйкатчынын (Омбудсмен) облустар боюнча өкүлчүлүктөрүнө 200 литр КММ чыгым аныкталган.

2023-жылы кызматтык пайдалануу үчүн КММ чыгым жана 4 автомобилди (Hundai Tucson мам. №01KG 539AE), автомашина (Ford Focus мам. №01KG011AA), (Volkswagen ID4 мам. №01KG213AU) – электромобиль,

Тойота Камри – мам. №065BS) техникалык тейлөө жүргүзүлгөн, ошондой эле КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) облустар боюнча өкүлчүлүктөрүнүн автомобилдеринин КММ чыгымдары белгиленген. Иш жүзүндө 2023-жыл үчүн КММ чыгымдарына 506,8 миң сом, анын ичинде КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) облустар боюнча өкүлчүлүктөрүнүн автоунааларына 268,4 миң сом жумшалган, 2024-жылы КММ чыгымдарына – 589,4 миң сом, анын ичинде КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) облустар боюнча өкүлчүлүктөрүнүн автоунааларына – 425,5 миң сом чыгымдалган.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) облустар боюнча өкүлчүлүктөрү автоунаа менен камсыз болбогондуктан, жеке автоунааларын пайдаланышат. КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) облустар боюнча өкүлчүлүктөрү КММ чыгымдарын жеке автоунааны пайдалануу тууралуу келишимдин негизинде эсептен чыгарышат.

КММ эсептен чыгаруу сатып алууну жана чыгымды тастыктоочу жол баракчалардын жана товардык чектердин негизинде жүргүзүлөт.

Ошол эле убакта, КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) облустар боюнча өкүлчүлүктөрүнө кызматтык максаттарда, жеке автоунааларын пайдаланганы үчүн, КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтому менен бекитилген ченемдерге ылайык компенсация төлөөнү жүргүзүшөт.

Аудиттин жүрүшүндө эсептөөлөр жүргүзүлдү: 2023-жылы КММ – 268,5 миң сом акча каражаты чыгымдалган, менчик жеңил автомобилдерди кызматтык иш сапарларга пайдалангандыгы үчүн компенсация төлөө – 123,0 миң сомду, ашыкча төлөө – 145,4 миң сомду түзгөн, 2024-жылы КММ – 425,5 миң сом акча каражаттары чыгымдалган, менчик жеңил автомобилдерди кызматтык иш сапарларга пайдалангандыгы үчүн компенсация төлөө –198,6 миң сомду түзүп, ашыкча төлөө – 226,8 миң сомду түзгөн. 2023-2024-жылдардын жыйынтыгы боюнча КММ каралган ченемдерден бардыгы 372,2 миң сом суммасында ашыкча эсептен чыгарылган (маалыматтар тиркелет).

**Корутунду:**

КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомун бузуу менен, каралган КММ чыгым ченемдеринен ашыкча 372,2 миң сом суммасында сарпталган.

КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун 7-пунктунда “Бюджеттик мекемелердин жана уюмдардын жеке менчик жеңил автомобилин кызматтык сапарга пайдаланган кызматкерлерине компенсация ушул токтомдун 1-пунктунда каралган нормалар боюнча төлөнөт” деп көрсөтүлгөн.

Бирок, КММ, техникалык тейлөө жана учурдагы оңдоо чыгымдарынын баалардын жогорулаганына байланыштуу, КР Өкмөтүнүн жогоруда аталган

токтомунда көрсөтүлгөн ченемдер 2025-жылдын чыгымдарына туура келбейт.

*Маалымат үчүн: 2006-жылдагы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсуна ылайык 1 доллар 39-40 сомду түзсө, 2025-жылдагы доллардын курсу 87,45 сомду, инфляциянын өсүшү 45,7 %ды түзгөн.*

**Сунуштама:**

1. Менчик жеңил автоунааларды кызматтык сапарларга пайдалангандыгы үчүн компенсация төлөө мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылсын.

2. КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгеленсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

**Электромобиль авто унаа боюнча**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу ГУ АТИ 2023-жылдын 17-июлунда КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын балансына 2022-жылы чыгарылган Volkswagen ID4 электромобилин өткөрүп берген.

Интернет аркылуу алынган маалыматтарга ылайык, Volkswagen ID4 электромобили 100 км. жүрүүгө электр энергиясын чыгымдоо ченеми – кышкысын 40 кВт.ка чейин, жай мезгилинде 20 кВт.ка чейин экени белгиленген. 2023-жылдын июль-декабрь айлары мезгилинде иш жүзүндө төмөнкүнү түзгөн: – жай мезгилинде 4980 км., электр энергиясын иш жүзүндө керектөөсү – 821,85 кВт же 100 км. жүрүүгө 16,5 кВт; – кыш мезгилинде 8356 км. жүргөнү иш жүзүндө электр энергиясын керектөөсү 1887,82 кВт же 100 км. жүрүүгө 22,6 кВт түзгөнү белгиленген.

2024-жыл үчүн иш жүзүндө жүргөнү: – жай мезгилинде 13495 км, электр энергиясын иш жүзүндө керектөөсү 2788,9 кВт же 100 км жүрүүгө 20,6 кВт.ты түзгөн; – кыш мезгилинде 8855 км, электр энергиясын иш жүзүндө керектөөсү 2733,79 кВт же 100 км. жүрүүгө 30,9 кВт.ты түзгөн.

Учурда ченемдик укуктук актыларда мамлекеттик мекемелерде пайдаланылган электромобилдер үчүн электр энергиясын чыгымынын эсебин алуу жок, бул бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын чыгымдарын жана пландоону контролдоону кыйындатат.

Тиешелүү ченемдерди киргизүү төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

– кызматтык электромобилдердин электр энергиясын иш жүзүндө керектөөлөрүн эсепке алууну;

– бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышын контролдоону;

– мамлекеттик мекемелерде экологиялык унааларды көбөйтүү үчүн шарттарды түзүүнү;

– ресурстарды ченемдөөгө бир түрдүү мамилелерди.

Кызматтык автоунаанын чыгымдарын эсепке алууну тартипке жана ченемге салуу максатында, ошондой эле мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында электомобилдерди пайдалануу көбөйгөнүн эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтомун электомобилдер үчүн электр энергиясын керектөө лимитин белгилеген жоболор менен толуктоо сунуш кылынат.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтомун электромобилдер үчүн электр энергиясын керектөө лимитин белгилеген жоболор менен толуктоо демилгеленсин.

**“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышы**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын жеке кабинетинен берилген маалыматтарга ылайык (Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алууларынын расмий порталында).

**2023-жылы** пландалган – 6671,1 миң сом суммасына 67 конкурс жарыяланган, алардын сунушталган 5482,2 миң сом суммасы менен 50 конкурс (74 %) өттү деп таанылган жана 17 конкурс (25 %) конкурстун катышуучулары болгон эмес, катышуучулардын саны жетишсиз болгон, же болбосо Тапшырыкчынын квалификациялык, техникалык талаптарына шайкеш келбеген себебинен өтпөй калды деп таанылган. 2023-жыл үчүн каражатты үнөмдөө 1188,9 миң сомду түзгөн.

**2024-жылы** пландалган–7815,4 миң сом суммасына 85 конкурс жарыяланган, алардын сунушталган 7087,0 миң сом суммадагы 58 конкурсу (68,23%) өттү деп таанылган жана 27 конкурс (31,76%) конкурстун катышуучулары болгон эмес, катышуучулардын саны жетишсиз болгон, же болбосо Тапшырыкчынын квалификациялык, техникалык талаптарына шайкеш келбеген себебинен өтпөй калды деп таанылган. 2024-жыл үчүн каражатты үнөмдөө 728,4 миң сомду түзгөн.

14.04.2022-жылдагы №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын пайдалануунун негиздүүлүгү боюнча сатып алууларга тандалма аудит жүргүзүүдө, 6 сатып алууда эсептен 3 чек баракчага котировкалоо усулу менен бюджеттик каражаттардын чек-баракчалары толтурулган, бузуулар аныкталган эмес.

**Капиталдык оңдоо жана курулуш-куроо иштерине**

2024-жылы бюджеттик каражаттардан 3111 “Капиталдык салымдар”, “Капиталдык ремонт” жана 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренелерине акча каражаты каралган эмес. Атайын каражаттардан 3111 “Капиталдык ремонт” беренесине боюнча акча каражаты каралган.” Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” боюнча кассалык чыгымдары 26 982,0 миң сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармасына караштуу Мамлекеттик имараттар Департаментинин имаратынын капиталдык оңдоого өткөзүлгөн конкурстук тооруктардын негизинде (конкурстук тоорук №2408277640490) “ТАЖ-Чебер” ЖЧКму менен 2024-жылдын 27-августунан №36 Келишими түзүлгөн. Келишимдин жалпы суммасы 22 027,8 миң сомду түзөт. Түзүлгөн Келишимдин негизинде “Аткаруучу” тарабынан ичинде 22 027,8 миң сомго жумуштар аткарылган. Өз кезегинде “Сатып алуучу уюм/Агент (Мамлекеттик имараттар Департаменти) аткарылган жумуштарга жалпы суммасы 22 027,8 миң сомдук төлөмдөрдү жүргүзүлгөн. 2024-жылдын 31-декабрына карата дебитордук жана кредитордук карыздар жок.

Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармасына караштуу “Мамлекеттик иммараттар департаменти”, мамлекеттик ишканасы бир тараптан жана мындан ары “Аткаруучу” аталган №000467 сертификаттын негизинде аракеттенүүчү жеке ишкер Ю.С.Мафлин менен 2024-жылы 26-сентябрынан Келишим түзүлгөн. Дареги Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү №120 боюнча жайгашкан Мамлекеттик имаратты техникалык көзөмөлгө алуу кызматын көрсөтүү, жалпы каралган суммасы 138,8 миң сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармасына караштуу “Мамлекеттик имараттар департаменти”, мамлекеттик ишканасы бир тараптан, жана мындан ары “Аткаруучу” аталган “Архитектура-инженердик компания” “Архитектура темири” менен 2024-жылы 25-апрелинде Келишим түзүлгөн. Дареги Бишкек ш., Тыныстанова көчөсү №120 жайгашкан Акыйкатчысынын имаратына Капиталдык оңдоо боюнча Проект-смета түзүлүшүнө, жалпы каралган суммасы 1 125,0 миң сомду түзөт.

2024-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрь айында аткарылган иштердин актысы бул субъект боюнча аудитордук текшерүүнүн жүрүшүндө төмөндөгүдөй дал келбестиктер аныкталган.

**Аныкталды жана корутунду:**

1. Е17-01-003-01 резервуары бар унитаздарды орнотуу түздөн-түз кошулган долбоордогу көрсөткүчкө туура келбей калган, анткени унитаздын ордуна чаша Генуя орнотуп койгону аныкталды. Долбор боюнча унитаздын баасы 3,5 миң сом, чаша Генуянын баасы 2,1 миң сомду түзөт. Көлөмдүн келтирилген жалпы суммасы 10шт х 3,5=35,0 миң сом; 10шт х 2,1сом = 21,0 миң сом; 35,0 – 21,0= 14,0 миң сомду түздү.
2. С04-05-06-0020 көчөт бадалдар (Акт выполненных работ) боюнча 563,4 шт деп көрсөтүлгөн, бирок өлчөм жүргүзүп келгенде 495 шт болгон көчөт бадалдар тигилгени аныкталган. Көлөмдүн келтирилген жалпы суммасы 68,4шт х 1,2 миң сом =82,0 миң сомду түзөт.
3. Е15-01-038-01 биринчи кабаттан үчүнчү кабатка чыгуучу тепкичтерди гранит менен каптоо (Акт выполненных работ) боюнча 126 м2 көрсөтүлгөн, бирок өлчөм жүргүзүп келгенде 105 м2 болгону аныкталган. Көлөмдүн келтирилген жалпы суммасы 21м2 х 4,68 миң сом = 98,28 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

Подрядчы "ТАЖ-Чебер" ЖЧКму тарабынан, табыштамачы Мамлекеттик имараттар Департаментине 194,5 миң сомду Мамлекеттик имараттар Департаментине кайтарып берип, өз ара эсептешүүлөрдү жана салыштыруу актысы түзүлсүн.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.Б. Турдумалиевдин жетекчилиги астында мамлекеттик инспектор А.Дж. Рустенбекова жана курулуш боюнча мамлекеттик инспектор Б.К. Джайлобаев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аудитор** **А.Б. Турдумалиев**